6. Семенов Ю. И. Категория «социальный организм» и ее значение для исторической науки.— Вопросы истории, 1966. Семенов Ю. И. О племени, народности и нации. Советская этнография. 1986.
7. Семенов Ю. И. Кочевничество и некоторые общие проблемы теории хозяйства и общества.— Сов. этнография, 1982,
8. Семенов Ю. И. О племени, народности и нации. //Советская этнография. 1986. № 3. -с.74.
9. Подробнее об этом см. Семенов Ю. И. Кочевничество и некоторые общие проблемы теории хозяйства и общества. — Сов. этнография, 1982, № 2

УДК 930.327.3

**Өмүрова Ж.К.**
тарых. илим. канд., доц.м.а.
И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети

## ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНДӨ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН АЛГАН ОРДУ: «АСАБА» УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУ ПАРТИЯСЫНЫН МИСАЛЫНДА

**Омурова Ж.К.**
канд. истор. наук, и.о. доц.
Кыргызский государственный
университет имени И. Арабаева

## РОЛЬ ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ В СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОМ РАЗВИТИИ НЕЗАВИСИМОГО КЫРГЫЗСТАНА: НА ПРИМЕРЕ ПАРТИИ НАЦИОНАЛЬНОГО ВОЗРОЖДЕНИЯ «АСАБА»

**Omurova Zh.K.**
Ph.D. history Sciences, Acting Assoc.
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## THE ROLE OF POLITICAL PARTIES IN THE SOCIO-ECONOMIC DEVELOPMENT OF INDEPENDENT KYRGYZSTAN: THE CASE OF THE NATIONAL REVIVAL PARTY “ASABA”

**Аннатоция.** Макалада демократиялык коомдо жашап жаткан мамлекетеги саясий партиялардын солчул, оңчул жана ортомчул болуп бөлүнүү процессине токтолуудан мурда, мындай партиялык типтин пайда болуу жана бөлүнүү тарыхы токтолуу менен, саясий партиялар, коомдук уюмдардын айырмачылыктары, алдыларына койгон максаттары жана иш аракеттери белгиленген. Муну менен катар жер, Кыргызстандагы алгачкы саясий, коомдук, улуттук кыймылдардын, өзгөчөлүгү, эң биринчи иретте социалдык-экономикалык маселелерди көтөргөндүгүндө, тактап айтканда, жеке үйлөрдү куруу үчүн жер участокторун берүүнү талап кылган саясий партиялардын ичинен “Асаба” улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүндө каралган.
**Негизги сөздөр:** саясий партия, коомдук уюмдар,социалдык, экономикалык, саясий маселелер, улуттук мүнөздөгү, улуттук маселе, социалдык жардам
**Аннотация.** Прежде чем остановиться на процессе деления политических партий в государстве, живущем в демократическом обществе, на левые, правые и медиаторы, отмечена история возникновения и разделения таких типов партий, различия, цели и действия

политических партий, общественных организаций.Особенно это касается деятельности «Асаба» – одной из политических партий, которая подняла социально-экономические вопросы, а именно предоставление земельных участков для строительства частных домов.

**Ключевые слова:** политическая партия, общественные организации, социальные, экономические, политические вопросы, национальные вопросы, национальные проблемы, социальная помощь

**Abstract.** Before dwelling on the process of dividing political parties in a state living in a democratic society into left, right and mediators, the history of the emergence and division of such types of parties, the differences, goals and actions of political parties and public organizations are noted.This is especially true of the activities of Asaba, one of the political parties that raised socio-economic issues, namely the provision of land for the construction of private houses.

**Keywords:** political party, public organizations, social, economic, political issues, national issues, national problems, social assistance

**Саясий партиялар, уюмдар жана с**аясий топтор, социалдык контекстери боюнча гана айырмаланбастан, туруктуу идеологиялык байланыштары, алдыларына койгон максаттары, көз караштары, коомдук иштери жана өзүнүн максатына ылайык ички структурасы, аткаруучу иш-аракеттери боюнча бири-биринен айырмаланышат. Ар бир саясий кыймылдын же партиянын программасы талапка ылайык өзүнчө стратегиялык, тактикалык жолдору аркылуу иштелип чыгат. Мындан сырткары өлкөдөгү социалдык-саясий турмушка, экономикалык шартка ылайык жана алдына койгон проблемаларга байланыштуу солчул, оңчул, жана ортомчул, багыттагы саясий партияларга бөлүүнү менен саясий маселелерди жогорулатууга тийгизген таасири, ээлеген орду боюнча ар кандай болушат.

Демократиялык коомдо жашап жаткан мамлекетеги саясий партиялардын солчул, оңчул жана ортомчул болуп бөлүнүү процессине токтолуудан мурда, мындай партиялык типтин пайда болуу жана бөлүнүү тарыхына токтоло кетсек болот. «XVIII кылымдын аягында Улуу француздук буржуазиялык революциясы жеңип чыккандан кийин Францияда парламент түзүлөт.Анын кеңешмесине катышкан саясий күчтөр залга төмөндөгүдөй жайланышат: сол тарапта – революционерлер, башкача айтканда парламенттин жүргүзгөн ишин сынга алуучулар, өздөрү иштеп чыккан принциптерди, эрежелерди, ойлорду парламенттин иш – долбооруна киргизүүчүлөр. Борбордо – чечилип жаткан маселелер боюнча центристтер, бирде сол тарапты, бирде оң тарапты колдоочулар; оңчулду жактап жаткан коомдор б.а. монархияны сактап калуу же аны кайра калыбына келтирүү позициясында турган консерваторлор» [1] орун алышкан. Бирок коом өнүккөн сайын бул «оңчул», «солчул» жана «ортомчул» түшүнүгү белгилүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Мисалы, буржуазиялык коомдун пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн жүрүшүндө дүйнөлүк саясат таануу илиминде солчулдар бекем орнотулган капиталисттик түзүлүштү сынга алышып, саясий өзгөрүүлөргө жана өндүрүштү социалдаштыруу маселелерин көтөрүп чыгышып, жөнөкөй эмгекчилердин кызыкчылыктарын коргошкон.

XX кылымдын 60-70-жылдарында дүйнөлүк саясий аренада «жаңы солчулдар» деп аталган саясый күчтөр пайда болгон. «Жаңы солчулдар», «эски солчул» күчтөрдүн теориясы менен практикасын сынга алышкан, анткени алардын оюу боюнча «эски солчулдар» революциялык потенциалын жоготуп, боштондукка чыгуу процессинин кыймылдаткыч күчү болуудан артта калышкан. «Жаңы солчулдар» деген түшүнүктүн келип чыгуусу Ч.Р.Миллистин «Жаңы солчулдардын катынын» программалык документ катары 1961-ж. басылып, чыккандан соң кеңири жайылган. Миллистин ырастоосу боюнча «тарыхый өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчтөрү» (жумушчу табы, коммунисттик жана жумушчу партиялары) капиталисттик коомдун түзүлүшүн өзгөртүүгө умтулган «эски солчулдар» багытынын кыйроосунан башталган. Өнүккөн өлкөлөрдө түптамырынан бери социалдык өзгөрүүлөрдүн

кыймылдаткыч күчү болуп студенттер, жаштар, айыл жергесиндеги дыйкандар жана шаардык интеллигенция эсептелген. «Жаңы солчулдар» саясий күрөштүн зордук-зомбулук ыкмаларына, биринчи кезекте куралданган зордук-зомбулукка өзгөчө басым жасашкан. «Жаңы солчулдар» кыймылынын ишмердүүлүгүнүн терс жактарынан улам 60-жылдардын аягында алардын позициясы начарлап, өзүнүн коомдогу ордун жана саясий маанисин жоготкон. Кайра куруу мезгилинде Советтер Союзундагы солчулдар, ортомчул оңчул багытта өнүгүп, бул мезгилде демократиялык элементтер, оңчулдар – коомду түп-тамырынан бери өзгөрүүлөргө каршы консерватордук көз караштa болушкан. Ортомчулдар бирде солчул (радикалдык), бирде оңчул (консервативдик) партиялардын тарабына өтүшүп, ортозаар саясатты жүргүзгөндөр болуп эсептелет.

Демек, шайлоонун натыйжасында саясий бийликке ээ болгон башкаруучу партия менен бирдикте коалициялык саясатты жүргүзгөн саясий партиялардын анын айланасында топтолушу менен мүнөздөлөт. Партиялар өзүдөрүнүн программаларында калктын баардык катмарларын бириктирүүгө умтулган ортомчул уюмдарды түзүүсүндө байкалат.

Акырындык менен «оңчул» жана «солчул» түшүнүктөр парламенттик жана саясий турмушка кирип, азыркы мазмунга ээ болууда. Саясатчы М.Т. Исаевдин пикири боюнча «солчул система–азыркы кезде социалдык процесс, күчтүү социалдык саясатка айланган адам укугунун саясий, экономикалык, социалдык абалын урматтоо жана эмгекчилердин кадыр-баркын көтөрүүгө багытталган система болуп эсептелет. Оңчул система ишкерчилик эркиндигинин бирдей мүмкүнчүлүктөрүн колдоо, ал эми ортомчуларга солчулдар менен оңчулдардын ортосунда арсар жүргөн, экөөнүн белгилерин бирдей камтыган саясий топтор кирет»[2]. Натыйжада Кыргызстанда өлкөнү демократиялаштыруу жолуна активдүү катышкан солчул көз караштагы саясий партиялардын катарына төмөндөгүлөр кирет: Кыргызстан коммунисттер партиясы, Кыргызстан коммунисттик партиясы [А. Масалиев жетектеген партия бөлүнүп кеткен.], «Ата Мекен» социалисттик партиясы, «Асаба» кайра жаралуу партиясы, «Эркин Кыргызстан» (ЭрК) партиясы, Агрардык эмгекчил партиясы; Ал эми ортомчул көз караштагы партияларга – Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы, Афганчылар партиясы, «Демократиялык күчтөр союзу» шайлоо блогу кирет[3]. Белгилүү саясат таануучу А.Акуновдун көз карашы боюнча борбордук багыттагы партиялардын курамына Кыргызстан биримдик партиясы, «Адилет» республикалык партиясы, Кыргызстандагы социал-демократиялык партиясы, Экономикалык кайра жаралуу партиясы, Аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн жана өнөр-жай, айыл чарба кызматкерлерин коргоо партиясы кирет. Оңчул көз караштагы партиялар өз ичинен радикалдык багыттагы жана реформисттик багыттагы болуп бөлүнүшөт:

- Оң радикалдык багыттагы партияларга – Эл (бей-бечаралар) партиясы, «Ар-Намыс» партиясы жана Кыргызстан республикалык партиясы кирет;

- Оң реформисттик багыттагы партияларга Кыргызстандагы агрардык эмгек партиясы, КДК партиясы, Кыргызстан республикалык элдик партиясын киргизүүгө болот. Ошондой эле «радикалдык экономикалык реформасыз өлкөнү жакшыртуу мүмкүн эмес»[4] – деген оң көз караштагы партиялардын катарына «Менин өлкөм» партиясы кошулган. Натыйжада «ортомчул», «солчул» жана «оңчул» түшүнүктөрү парламенттик түзүлүштүн социалдык-саясий курамында, коомдук процесстин кыймылдаткыч күчтөрүнүн орун алышын талдоого алуу каражаты катары, ошондой эле саясий парадигмаларга мүнөздөмө берүүдө колдонулат. Ошону менен бирге эле бүгүнкү күндө ар бир саясий күч өзүн алдыңкы жана прогрессивдүү деп көрсөткөн, коомдук-саясий күчтөрдүн курч күрөшү болуп жаткан мезгилде, саясий күчтөрдүн ордун аныктаган так критерийдин жоктугунан улам бул түшүнүккө туура жана так аныктама берүү мүмкүнчүлүгү жок болуп турат. Ошондой болсо да коомдогу мындай идеялык-саясий агымдардын (солчул, оңчул, ортомчул) болушу са-

ясий плюрализимдин белгилүү мыйзам ченемдүү көрүнүшү болуп саналат. Коомчулук тарабынан аныкталган солчул көз караштагы саясий партиялардын ичинен «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын коомдогу саясий маселелерди көтөрүүдөгү ишмердүүлүгү олуттуу.

«Асаба» улутук кайра жаралуу партиясы коомдук-саясий багытта бир топ иштерди аткарды. Алсак, 1989-жылдын жаз айларындан баштап Өзбекстанда улут аралык жаңжал чыгып, ал жакта жашаган түрк-месхет улутундагылардын сүрүлүп чыгарылгандан кийин, Фергана өрөөнүнөн куугунтукталган түрк-месхеттер Кыргызстандан башпаанек издешип, Чүйдөгү туугандарына көчүп келишкен. Көчүп келгендердин саны күндөн-күнгө көбөйгөндүктөн, аларга бийлик тарабынан үй куруу үчүн жер бөлүп берүү маселесинин көтөрүлүшү, өлкөдөгү үйү жок, башка улуттун улагасында калып, батирлер менен жатканаларда жашап, эмгектенип жүргөн кыргыз жаштардын кыжырдануусун көбөйткөн. Натыйжада, алар ошол мезгилдеги Фрунзе шаарынын чет жакасындагы бош жаткан жерлерди ээлеп, үй салуу аракетине өтүшкөн. «Биринчи эле азыркы Касым конушу (ал убакта 110 квартал деп аталчу) жана Көлмө конушу (Маевка) ээленип, үйлөрдү салууга пайдубалын коюшуп, бир түндүн ичинде дубалдарын тургузуп жибергендер да болгон. Жерди ээлөө кыймылы массалык түргө айланып, борбордун тоо тараптагы айдоо аянттарын бөлүштүрүү башталган. Мындай абалды мамлекеттик бийлик өкүлдөрү күтпөгөндүктөн, жаштар менен жолугушуу маселесин коюшкан. Жолугушуу Баха көчөсүнүн баш жагында (азыркы Арча-Бешик конушу жайгашкан жерде болгон (себеби Өзбекстандан сүрүлүп келген түрк - месхеттер ушул көчөдөгү туугандарыныкына көчүп келишкен эле). Бул жолугушууга ошол учурдагы Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитеттин биринчи катчысы Абсамат Масалиев, Кыргыз Министрлер Советинин төрагасы Апас Жумагулов, Фрунзе шаарынын аткаруу комитетитинин төрагасы Амангельди Муралиев баштаган мамлекет жетекчилери келишкен. Жолугушууда эгер жаштар койгон талап чечилбесе күч колдонобуз дегенге чейин барган. Аягында алардын койгон талабын чечүүгө Борбордук бийлик (Москва) менен акылдашып, чукул арада чечебиз деген убадаларын беришкен»[5]. Ошол мезгилдеги жаштардын чечкиндүүлүгү, активдүүлүгү жана тайманбастыгы, алардын жер гана алып үй салууга жетишкендиги эмес, саясий эркиндикке жетүүнүн жолун да колго алып, демократиянын алгачкы кадамын таштап, элдин саясий эркиндигин камсыз кылуу үчүн болгон күрөштүн белгиси эле.

1997-ж. «Асаба» партиясы «Саясий партиялар» жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Эл депутаттарын шайлоо» боюнча мыйзамдарынын долбоорлорун сунушташкан. Анда партиялык система боюнча шайлануунун артыкчылыгына токтолуу менен «партия тизме менен өзүнүн курултайында көрсөткөндөн кийин партиянын Уставынын, программасынын негизинде аракеттенет жана партиялаштарынын көзөмөлүндө турат. Эгерде ошол шайланган депутат партиялаштарынын кызыкчылыгын кызматка, акчага же башка нерселерге сатып кетсе, анда анын мөөнөтү бүткөнгө чейин эле чакырып алышып, анын ордуна башканы сунуштагоого болот»[6] - деген көрсөтмө бүгүнкү күндөгү парламенттик партиялык системага өтүүгө түрткү болду.

1998-ж. январь айларында республикадагы саясий кырдаалга байланыштуу Ордо Кеңештин мүчөлөрү менен регионалдык башкаруу өкүлдөрүнүн катышуусунда «Асаба» партиясынын кеңешмеси болуп өткөн. Партиянын жетекчиси Ч.Базарбаев кеңешмедеги өзүнүн сүйлөгөн сөзүндө: «Республикада болуп жаткан саясий окуялардан четте калбай мезгилге ылайык, биздин партия республиканын саясий жашоосуна активдүү катышуусу зарыл. Башка саясий партиялар менен, коомдук кыймылдар менен биригишип партиянын идеяларын элге таанытуу жана эл арасында саясий агитация жүргүзүүсү» [7]-керек деп баса белгилеген. Бул маселе боюнча партиянын Ордо кеңешинин мүчөсү Д. Дөөлөтбек өзүнүн сунушунда: «Биздин партиянын идеяларын элге таанытуу үчүн биз жаштарды өзүбүздүн катарыбызга кошуубуз керек» – деген сунушту айткан. Ошондой эле, Ордо Кеңештин төрагасы М.Чекиров «Союз кыйрагандан кийин, коммунисттик идеялар жокко чыккандан кийин көпчүлүк жаштарыбыз өздөрүнүн багыттарын жоготушуп,

жаштардын сезиминде бош вакуум пайда болду. Ошол боштукту толтуруу биздин милдетибиз болуп саналат»[8] - деп айткан.

Ошондой эле «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы 1998-ж. жыйынтыктап жатып, 1916-жылдагы көтөрүлүштө курман болгондор үчүн эстелик тургузуу максатында бийлик өкүлдөрүнөн жер тилкесин берүүнү өтүнүшкөн. Ошентип бул максат, 2006-ж. август айында үркүндүн 90 жылдыгына карата экспедициясынын жүрүшүн алгач «Үркүн 90 жыл» – деген транспарант тагылган машина башында турган колонна Бишкектен Ысык-Көлдүн Барскоон айылынын клубунда өткөн чакан жыйында Жети-Өгүз райондук «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясына ыраазычылыкты билдирүү менен башталган. Андан соң ошол учурдагы Президенттик администрациясынын коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн жетекчиси жана 2021-жылдын июль айында мамлекеттик катчы жана 2021-ж. октябрь айынан баштап Президенттин кеңешчиси Ч. Абыкеев: «Ата-бабаларыбыздын сөөгүн жашыруу ыйык милдетибиз», айыл аксакалдары менен, «шарты катаал, ошого карабастан атайын белсенип чыккандан кийин ата-бабалардын сөөгүн жашырып келүү ыйык милдети силерге тапшырылды. Аны кандай болсо да чыдап аягына чейин аткарааарыңарга бекем ишенебиз, силерге ак жол каалайбыз»[9]-деп, жалпы элдин атынан батасын беришкен. Ошентип үркүндүн 90 жылдыгын өткөрүү үчүн 2006-ж. 27-июлдан 3-июлга чейин Бедел, Ак-Өгүз ашууларына сөөк жашыруу үчүн 137 адам, анын ичинен МЧСтен 27 адам, Койташ л\с 2 ГСБ дан 26 адам, Ак-Шыйрак айылынын 14 тургуну, анын ичинде 11 жаштагы Турурбек уулу Темирлан, Барскоон айылынын 17 жергиликтүү тургуну, Ош – Баткен облустарынан А.Мадумаров, И.Абдыкадыров, Ч. Кожоев, Ж.Курбанов, Нарын облусунан У.Мамыров, М.Дүйшеев, М.Кыргызбаев, 2006-жыл жана бүгүнкү күндөгү КР Президентинин кеңешчиси А.Чолпонбек, КР Президентинин Администрациясынын жана «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын мүчөсү жана бүгүнкү күндөгү жетекчиси Д.Нусупов, 2006-жылдагы КР ЖК депутаты А.Бекназаров, «Эр айым» БӨУ Ж.Жусупова, «Ашар» коомунан М.Джекишев, К.Жунушалиев, массалык маалымат каражаттарынан: «Алкак», «Мезгил», «Алас», «Аалам», «Айгай» газеталарынын өкүлдөрүнөн, КТР, НТС, КООРТ, «Азаттык» радиосунан Р.Борбукеева, Би-Би-Си радиосунан А.Койчиев, В.Койчиева, тарыхчы А.Беделбаев, К. Момоконов жана «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынан М.Жунушева, А.Чолпонбаев, А.Жумагулов, С.Дыйканов, «Үй куруучулар» партиясынан Н.Керимкулов, К.Муканбетов, судмедэксперт Э.Максутов[10] жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн барып катышып келишкен.

«Үркүн 90» акциясынын катышуучулары эки топко Ак-Өгүз жана Бедел ашууларына барчулар болуп бөлүнүшкөн. Ак-Өгүз ашуусуна барчуларды – Д. Нусупов, Бедел ашуусуна барчуларды – Ч.Абыкеев жетектешкен. Ошентип 4028 м бийиктиктен жогору турган Ак-Өгүз жана Бедел ашуусундагы бей күнөө курман болгон ата-бабаларыбыздын арбагына багыштап) куран окулуп сөөктөрдү чогултушкан. Чогултулган сөөктөрдүн ичинен малдын сөөгү баш аягы так эсеп менен 111 корум, бодо малдын башы 643кө жеткен. Жыйынтыгында, сөөктөр ак кепинделип Беделдеги 3 – чек ара заставасына кыргыздын ырым жырымы менен коюлуп, ата-бабалардын арбагына таазим кылынып эстелик орнотулган .

2006-ж. 3-август күнү Ак-Өгүз жана Бедел ашуусунан келген эки топ кошулуп, Улуу Үркүндө каза болгондорго арнап Барскоон шаркыратмасында аш өткөрүшкөн. 2006-ж. 25-августунда «Ашар» бирикмесинен жана элден түшкөн каражаттын эсебинен Кеминдин «Жолойдун бешиги» деген жерине эстелик орнотушкан .Ал эми, курултайды уюштуруу, аны өткөрүү маселесин актуалдуулугун 1999-жылы 18-октябрда партиянын өткөрүлгөн курултайынын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу палатасына республикалык бирдиктүү партиялык система менен депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүүдө «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы тарабынан 8 адам көрсөтүлгөн, алсак:

1. Базарбаев Чапрашты – 144 доб.
2. Чекиров Майрамбек – 172 доб.
3. Кочкорбаев Абдимитал – 190 доб.
4. Жанузаков Жаныбек – 226 доб.
5. Дуйшеев Турат – 254 доб.
6. Алымбаев Абдрахман – 290 доб.
7. Нусупов Дөөлөт – 338 доб.

8. Апсаматов Райымбек – 396 добуш алган [11].

Улуттук маселе «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын негизги иштеринин бири болгондуктан, 1999-ж. 18-февралдагы партиянын VI курултайында Кыргыз Республикасынын ошол мезгилдеги Премьер-министри Жумабек Ибраимовго «Өнөр-жай, айыл-чарбасын оңдоодо, коррупция менен күрөшүү үчүн жасаган иш аракеттериниз өз өлкөсүн сүйгөн чыныгы патриоттун иши экендигин жана келечекте бул иштер өз жемишин берерине ишенебиз»[12]-деген маанидеги кат жөнөтүшкөн. Ошондой эле, Курултай жер-жерлерден чакырылган 67 делегаттын ичинен 58 делегаттын катышуусунда өткөн. 2001-ж. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 10 жылдыгына карата «Асаба» партиясы, «Ар-Намыс», «Ата Мекен», «Эркиндик», Коммунисттер партиялары менен бирдикте биргелешкен конференцияны өткөрүүнү чечишкен. Анткени ошол учурдагы массалык маалымат каражаттары, телеберүүлөр «өлкөнүн өнүгүшүн бир жактуу гана көрсөтүү менен чектелүүдө, биз партиялар алардын кемчиликтерин көрсөтүп берүүгө аракет кылышыбыз керек»[13] - деп баса белгилешкен.

Конференцияны өткөрүү иши «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясына жүктөлгөндүктөн, алар «Кыргыз элинин 10 жылдык эгемендүүлүгүндөгү ийгиликтери жана кемчиликтери»-деген доклад даярдашкан. Докладда Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 10 жылдык ийгиликтерине: «Москванын буйруктарынан кутулуп, өз алдынча саясат жүргүзүп, өзүбүздө мамлекеттүүлүгүбүздү түптөөгө кириштик, БУУга жана башка эл аралык уюмдарга мүчө болуп кирдик, өлкөбүзгө демократиялык институттар киргизилди, менчиктин ар кандай түрлөрүнө колдоо көрсөтүлүп, рынок экономикасына шарт түзүлдү. Конституция баш болгон бир кыйла мыйзамдар, атрибуттар кабыл алынды. Экономикалык өз алдынчалыкты бекемдөө үчүн улуттук валюта – сом киргизилди. Бурмаланган тарыхты туура жазууга, Россия империясынын зулумдугуна каршы чыгышып, 1916-жылы шейит кеткен ата бабаларыбызды, 1937-38-жылдары кур шылтоо менен куугунтукталган кыргыз элинин чыгаан уул – кыздарын эскерүүгө, элибиздин башка душмандардан коргоп, ушул ыйык ата-журтубузду мураска калтырган ата-бабаларыбыз менен сыймыктанууга жана алардын рухтарына таазим кылууга жол ачылды. Каада салтыбыз, үрп-адатыбыз, улуттук оюндарыбыз, улуттук аспаптарыбыз, кол өнөрчүлүк, уз-чеберчилик, оозеки чыгармачылык жылдан жылга калың журттун катмарына сүңгүп кирип колдоого алынууда»[14]-деп, мамлекеттин он жыл ичиндеги жетишкендиктерине токтолушкан.

Жалпысынан алганда, уюмдар менен саясий партиялар социалдык контексттери боюнча гана айырмаланбастан туруктуу идеологиялык байланыштары, алдыларына койгон максаттары, көз караштары, коомдук иштери жана өзүнүн максатына ылайык ички структурасы, аткаруучу функциясы, максаты боюнча бири-биринен айырмаланышкандыгы менен өзгөчөлөнүшөт. Демек, өлкөдөгү саясий партиялардын ичинен «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын коомдук-саясий иш чараларга активдүү катышуусу жана аткарган иштеринин жыйынтыгы боюнча партиянын ролу, орду маанилүү болгон.

Ошону менен бирге партиянын Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы ролун төмөнкүлөрдөн байкоого болот:

-  мамлекеттик деңгээлдеги шайлоонун натыйжасында саясий бийликке ээ болгон жана башкаруучу партия менен бирдикте иш алып баруу;
-  өлкөнү демократиялаштыруу жолунда активдүү катышкан оңчул, солчул жана ортомчул көз караштагы саясий агымдагы партиялардын катарында ордун аныктоосу;
-  өлкөдөгү коомдук саясий маселелерди чечүүдө, саясий окуялардан четте калбай мезгилге ылайык иш алып баруусунда, коомдук иштерге активдүү катышуусу менен катарына жаштарды тарта алгандыгында;
-  ошондой эле мамлекеттик тилдин ишке ашпай жаткандыгына, борбор шаарыбызда ар кандай тилдеги жазуулардын көбөйүп кеткендигине, мектептерде окуу куралдарынын жетишпей жаткандыгына токтолуу менен, улуттук идеологияны иштеп чыгуу аркылуу кыргыздын улуттук каада-салтын, үрп-адатын сактап калууну, кайра жаратууну, кыргыздын байыркы тарыхын калыбына келтирүүнү колго алышкандыгында.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Акунов, А. ж.б. Политология [Текст]: Кыскача сөздүк / А.А.Акунов, Т.Ожукеева, К.Байболов. – Бишкек: [б.и.], 1996.- 217 б.
2. Исаев, М.Т. Политологиянын айрым маселелери [Текст]/ М.Т. Исаев. – Бишкек: [б.и.],1995.- 139 б.
3. Адамалиев, А. Бизге кандай парламент керек? [Текст] / А. Адамалиев// Эркин Тоо. – 2000.- 14-янв.

Өзүбүздү улут катары кабыл алуу, өткөндүн жакшысын кайра жаратуу [Электрондук ресурс].- Режим доступа:http://www.Zamandash.kg-Загл.с экрана.

Төрөев М. КСДПК- эл үмүтү [Текст]/М.Тороев //Супер Инфо.- 2010. -12-сент.

“Асаба” улуттук кайра жаралуу партиясынын биринчи курултайынын катышуучуларынын кыргыз калкына жарыя сөзү [Текст] // Эркин Тоо. – 1992.- 4-янв.

«Асаба» улултук кайра жаралуу партиясынын партиясынын Ордо Кеңеши [Текст].-Токтом журналы.- 2007.№2.

«Асаба» улултук кайра жаралуу партиясынын партиясынын Ордо Кеңеши [Текст].-Токтом журналы.- 2007.№2.

4. Асаба партиясынын лидери менен маек [Текст]// Мугалимдер газетасы.-1992. -31-янв.
5. Ата-бабаларды эскерүү келечектин милдети.[Текст] // Мезгил. – 2006.-17авг.
6. Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын Токтомдор жыйнагы [Текст]: Асаба» улуттук кайра жаралу партиясынын өздүк архиви// Токтом журналы .- 2001.-№1.
7. «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын өздүк архиви. [Текст]// Токтом журналы.-2002.-№1.- 11б.
8. «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын “Кайрылуу каты” [Текст]: «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын өздүк архиви // Токтом журналы.- 2004.-№2.
9. Кыргыз элинин он жылдык эгемендүүлүктөгү ийгиликтери жана кемчиликтери[-Текст]: Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясынын өздүк архиви //Токтом журналы.- 2001.-№7.- Б.3.


УДК;56 (43.8) 2.

**Жаркынбаев Талайбек Жумабаевич**
Ош мамлекеттик университетинин Кырызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын доценти, тарых илимдеринин кандидаты

## 1990-ЖЫЛКЫ ОШ КООГАЛАҢЫ: САЯСИЙ, СОЦИАЛДЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ, КЫЗЫКЧЫЛЫК ТАРАПТАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ

**Жаркынбаев Талайбек Жумабаевич**
кандидат исторических наук, доцент кафедры «Истории Кыргызстана и археологии, этнологии», историко-юридический института, Ошский Государственный Университет

## ОШСКИЙ КОНФЛИКТ В 1990 ГОДА: ПОЛИТИЧЕСКИЕ И СОЦИАЛЬНЫЕ ПРЕДПОСЫЛКИ, КОНФЛИКТ ИНТЕРЕСОВ И ЕГО ПОСЛЕДСТВИЯ

**Zharkynbaev Talaybek Zhumabaevich**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor of the Department of “History of Kyrgyzstan and archeology, ethnology” Historical and legal institute. Osh State University

## OSH CONFLICT IN 1990: POLITICAL AND SOCIAL MOTIVES, CONFLICT OF INTERESTS AND ITS CONSEQUENCES

**Аннотация.** Кыргызстандын түштүк аймагында орун алган улуттар аралык жаңжалдын саясий, социалдык-экономикалык кесепеттери. Теоретикалык негиздери. Социалдык-